*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2017-жыл, 9-февраль

## 2017-жылдын январындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2017 январь 2016[1] январына карата пайыз менен | Маалымдама: 2016[1] январь 2015 январына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 23652,0 | 107,9 | 87,1 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 21350,2 | 105,0 | 97,5 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 14793,4 | 133,8[2] | 59,8[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 10119,3 | 129,5[2] | 92,0[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 1291,4 | 177,9[2] | 128,7[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 9004,5 | 136,9[2] | 49,4[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 4355,9 | 108,7[2] | 90,2[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 141,6 | 105,9[2] | 95,0[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 7022,03 | 101,5 | 100,0 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 2723,7 | 97,7 | 95,0 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 2625,2 | 97,4 | 101,1 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь 2016[1] январына карата пайыз менен | Маалымдама: 2016[1] январь 2015 январына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 23005,0 | 104,2 | 104,9 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 13277,8 | 103,9 | 103,5 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 1034,0 | 106,8 | 107,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 2341,0 | 104,3 | 104,5 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 50,8 | 105,9 | 101,9 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 47,5 | 77,9 | 83,1 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 2029,0 | 83,6 | 100,1 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 100,5 | 101,8 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 101,0 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 57,1 | 101,0 | 97,4 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14492 | 109,8 | 108,5 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1544,6[4] | 105,1[4] | 78,0 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 3919,1[4] | 96,3[4] | 71,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-декабрь. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-декабрь. (алдын-ала маалыматтар боюнча).

## 2017-жылдын январындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр жай.** 2017-жылдын январындагы өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин өсүүсү негизинен өткөн жылдын январындагы өнөр жай өндүрүшүнүн деңгээлинин төмөн болушу менен түшүндүрүлөт.

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүүсү 2016-жылдын январына салыштырганда негизги металлдарды чыгаруунун өсүшү (37,5 пайызга), ошондой эле металл кендерин казуудан жана тазаланган мунайзат

продуктуларын өндүрүүдөн келип чыкты. Тамак-аш азыктарын өндүрүүдөгү өсүш (47,6 пайызга)негизинен кум-шекерди өндүрүүдөн (өткөн жылдын январында чыгарылган эмес) келип чыкты.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмү 2016-жылдын январынан 8,7 пайызга ашып түштү.

Ошону менен катар бул жылдын январында 2016-жылдын январындагыга караганда цемент өндүрүүнүн азайышынан улам башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүдө арта калуу байкалды, кийим өндүрүшүндөгү артта калууга трикотаж кийимдерин тигүүнүн кыскарышы, текстиль өндүрүшүндө пахта булаасынын өндүрүүнүн кыскарышы себеп болду.

**Айыл чарбасы.** Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясын өндүрүүнүн көлөмүнүн 2017-жылдын январындагы өсүүсү өткөн жылдын январына салыштырганда мал чарбачылык продукцияларын өндүрүүнүн көлөмдөрүнүн өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүүсү айыл, токой чарбаларынын жана балык уулоодо, иштетүү өндүрүшүндө, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, транспорт ишмердиги, жана жүктөрдү сактоо, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, билим берүү, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу ошондой эле турак жай курулушунда белгиленди.

Муну менен катар пайдалуу кендерди казуу, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), дүң жана чекене сооданын, мейманканалардын жана ресторандардын, маалымат жана байланыш, объекттеринин курулушундагы жана башка тейлөө ишмердик объекттеринин курулушунда негизги капиталга инвестициянын көлөмү жогорулады.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 15,6 пайызга өстү, тышкы булактардын эсебинен тескерисинче - 39,5 пайызга төмөндөдү.

Негизги көлөмү (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 78 пайызынан көбү) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшүндө, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана турак жай курулушуна багытталган.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун көбөйүшү 2016-ж. январына салыштырмалуу мотор майын сатуунун (4,0 пайызга) жана дүң сооданын (5,6 пайызга) көлөмүнүн өсүүсү менен камсыздалды.

**Баалар жана тарифтер.** Үстүбүздөгү жылдын январында 2016-жылдын декабырына салыштырмалуу инфляциянын деңгээли жалпы республика боюнча 1,0 пайызды түздү. 2017-жылдын январында калкка кызмат көрсөтүүнүн тарифтеринде эң көп өсүш (1,9 пайызга), ошондой эле тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктарынын бааларында 1,3 пайызга жогорулашы байкалды.

Азык түлүк эмес товарлардын баасы 0,2 пайызга өстү, алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баалары 0,7 пайызга жогорулады.

2017-жылдын январында керектөө бааларынын жана тарифтеринин 1,6 пайызга өсүшү Нарын облусунда байкалды. Алардын бир аз жогорулашы Бишкекте белгиленди Мында өткөн айга салыштырганда азык түлүк эмес товарлардын баасы 0,1 пайызга төмөндөдү, ошондой эле алкоголдук ичимдиктердин, тамекинин баалары да 0,2 пайызга төмөндөдү.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** Экспорттук жөнөтүүлөрдүн өсүшү 2016-жылдын январь-ноябрында 2015-жылдын январь-ноябрына салыштырмалуу алтынды - 5,4 пайызга, руданы, шлактарды жана күлдү экспортунун өсүүсү 7,7 жер-жемиштер -36,1 пайызга, айнек жана андан жасалган буюмдардыкы -27,4 пайызга эсе өсүшү менен шартталды.

Ошону менен бирге транспорт каражаттарын - 1,7 эсеге, жер семирткичтерди - 42,3 пайызга, фармацевтика продукцияларын - 22,8 пайызга, кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдарды -19,4 пайызга, ошондой эле кир жуучу каражаттарды 22,3 пайызга ташуунун кыскарышы байкалды.

Ошол эле убакта бут кийимдерди алып келүүнүн көлөмү 2,9 эсеге, химиялык штапель буласы - 1,9 эсеге, кийимдер - 1,8 эсеге, ошондой эле жыгачтар - 42,0 пайызга өстү.

ЭАЭБ мамлекеттери мене өз ара соодалашуунун көлөмү 2016-жылдын январь-дкабрында 1962,6 млн. АКШ долларын түзүп, 2015-жылдын январь-декабрынан 18,6 эсеге кыскарды. Мында экспорттун көлөмү 4,3 эсеге өстү, ал эми импорттун көлөмү тескерисинче 23,1 эсеге азайды. Сооданын эң көп үлүшү Россияга (53 пайыздан көп) жана Казакстанга (44 пайыздан көп) туура келет.

Россиядан келген товарлардын ичинен ийне жалбырактуу жыгач материалдарды ташуу 35,8 пайызга, газдалган таттуу минералдык суулар - 20,1 пайыз, башка алкаголсуз ичимдиктер - 40,0 пайызга көбөйдү. Ошону менен бирге жаңгак жана уруктарды - 3,1 эсеге, кондитердик тамактар - 1,6 эсеге, сүт азыктары - 44,3 эсеге, краска, лак, сууга аралаштыруучу боекторду - 10,5 эсеге ташып келүү азайды.

Казакстанга экспорттоодо буурчакты - 3,5 эсеге, минералдык сууларды - 25,9 эсеге, трикотаж кийимдерин - 1,5 эсеге алып чыгуу көбөйдү.

Казакстандан импорттоо кондитердик тамактар - 1,7 эсеге, сүт азыктары - 27,3 эсеге өстү. Ошону менен бирге газдалган таттуу минералдык суулар - 2,7 эсеге, алкаголсуз ичимдиктер - 30,9 пайызга жана өсүмдүк майын - 23,9 пайызга төмөндөдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсоткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## “Кумтөр” кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**